Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 5- чакырылышынын
кезектеги 24- отурумунун

# Т О К Т О М У

25.05. 2022-жыл №24/1 Кабылан-Көл айылы

Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн аймагында калктуу конуштарды көрктөндүрүү, көчөлөрдү иретке келтирүү боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жыл "Тоолорду туруктуу өнуктүрүүнүн эл аралык жылы деп жарыялоо жөнүндөгү" Жарлыгына ылайык санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды жашылдандыруу, көрктөндүрүү боюнча көчөлөрдү иретке келтирүү боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө талкуулап Кабылан-Көл айылдык кенеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ар жуманын ишемби күндөрү санитардык тазалоо, айлана –чөйрөнү жашылдандыруу жана көрктөндүрүү максатында ички көчөлөрдү социалдык мекеме ишканалардын короо жайларын тазалоо, азык-түлүк дүкөндөрүнүн, жеке мончолордун санитардык –гигиеналык абалын иретке келтирип, жөнгө салуу, ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында ишембиликтер өткөрүлсүн.

2. Таштанды чыгарууга атайын жайларды бөлүп берип, көчөлөрдөгү таштандыларды, күлдөрдү ташып барып төктүрүлсүн, алардын айланасын тосуп, таштанды чыгарууга зарыл болгон унаалар жана күйүүчү- майларды каражаттар менен камсыз кылышсын.

3.. Жашылдандыруу боюнча массалык иштерди жүргүзүү жана калктуу конуштарды көрктөндүрүүгө карата жол бойлоруна бак-дарактардын көчөттөрүн отургузуу, ички сугат арыктарын казуу, айыл ичин иретке келтирүү, социалдык мекемелерди актоо-сырдоо боюнча иш алып барылсын.

4. Ушул токтомдун аткаруу айыл өкмөтүнүн башчысы Г. Мадаевге жана көзөмөлдөө жагы жер жана айыл чарбасы, экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Айылдык Кенештин төрагасы: Ш.Акаев